КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722400 Түп айылы
Боромбай көчөсү №53

Тел: 2-43-68 , Факс: 2-43-68
e-mail: adm18@bishkek.gov.kg

722400 с. Тюп
ул.Боромбай

**Түп аймактык шайлоо комиссиясынын**

**№23 ЧЕЧИМИ**

**19 апрель 2021ж**

**Түп айылы**

**Катышышты:**

Алмабекова Т.А. – АШК төрагасы
Иванов И А - АШК катчысы
Акматов Б.Ш. - АШК мүчөсү
Курамаева Г.Т. – АШК
Жумадылова Ж. К. - АШК мүчөсү
Мамбекова А.Ж- АШК мүчөсү
Таштанбеков Б.А.- АШК мүчөсү
Асангазиева Ч.А – АШК мүчөсү
Болджурова - АШК мүчөсү
Сатыпалдиев М.М. –АШК мүчөсү
Осмонов Р.К- АШК мүчөсү
Жумалиева М.С. .- АШК мүчөсү

**Күн тартиби:**

1. Кыргыз Респуликасынын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 2021. 14 апрелинде Майыптар коомунун төрагасы Дүйшөнбековдун арызын карап чыгып, чечим чыгарып берүү :

Угулду: Түп аймактык шайлоо комиссиясынын төрайымы Т. Алмабекова күн тартибине каралган маселе боюнча: Арызды таныштырып чыгып ал арызда майыптар коомунун төрагасы Дүйшөнбеков: талапкерлер Т Исаев менен С. Талдыбаеванын ички иштер органдарында аларга карата мыйзам бузуулар жөнүндө арыздар бар болгонуна байланыштуу, жергиликтүү кенештин депутаты болуп катталуусун жол бербөөнү сурайт.

Угулду: Курамаева Г. Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 41- беренесине ылайык шайлоого даярдык жана өткөрүү мезгилинде эч кандай мыйзам бузуулар болгон жок. Документерди топтоо убактысында Т Исаев менен С. Талдыбаева соттуулугу жок деген маалымдама Түп АШКасынын документтерди тапшыруу тобуна берилген. Бул арызды негизсиз деп сунуштайм.

Угулду: Осмонов Р. Дүйшөнбековдун арызында талапкерлер Т Исаев менен С. Талдыбаеванын ички иштер органдарында аларга карата мыйзам бузуулар жөнүндө айтылып жатат, бирок эч кандай далил материалдар жок. Аймактык шайлоо комиссиясы тергөө орган эмес, шайлоо өткөөрүдө жана даярдык көрүүдө эч кандай бузуулар болбогондугу баарыбызга маалым, ошондуктан Дүйшөнбековдун арызын негизсиз деп

таап, эгер шайлоонун натыйжасында талапкерлер Т Исаев менен С. Талдыбаеванын добушунун саны жетсе мандатынан ажыратуу мыйзамсыз деп эсептейм.

Түп аймакттык шайлоо комиссиясы: арыздарды жана даттанууларды кароо боюнча тобу талкуулап чыгып:

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**

1. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 41- беренесине ылайык Дүйшөнбековдун арызын негизсиз деп таанылсын.

Аймактык шайлоо
Комиссиясынын төрагасы Т. Алмабекова

Аймактык шайлоо
комиссиясынын катчысы И. А. Иванов